УДК: 78(07)

*Ураимов К. М., пед. илим. канд., доцент*
*Б. Осмонов ат. ЖАМУ*
*Борошев С. Ж., окутуучу*
*Жалал-Абад колледжи*
*Раимкул кызы А., окутуучу, ЖАМУ,*
*Кыргызстан*

# МУЗЫКАЛЫК САБАТТУУЛУКKА ТАЯНЫЧ СИГНАЛДАР МЕНЕН ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫНДА РЫСПАЙ АБДЫКАДЫРОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ПАЙДАЛАНУУ

*Макалада музыкалык сабатуулукка таяныч сигналдар менен окутуу технологияларын педагогикада пайдалануунун тарыхы жана аны музыка сабагында колдонуу; таяныч сигналдар менен окутуу технологиясында Рыспай Абдыкадыровдун чыгармаларын пайдалануунун кээ бир ыкмалары талдоого алынган.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *таяныч сигналдар, эмоция, музыка, искусство, дешифировка, демонстрация, минуталык пауза, сапаттык маселелер, тажрыйба, практика.*

*Ураимов К.М., канд. педаг. наук, и.к., доцент*
*ЖАГУ, им. Б.Осмонова*
*Борошев. С., преподаватель*
*Джалал-Абадский колледж*
*Раймкул кызы А., преподаватель*
*ЖАГУ, им. Б. Осмонова, Кыргызстан*

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ РЫСПАЯ АБДЫКАДЫРОВА В ТЕХНОЛОГИИ ОБУЧЕНИЯ МУЗЫКАЛЬНОЙ ГРАМОТНОСТИ СО ВСПОМОГАТЕЛЬНЫМИ СИГНАЛАМИ

*В статье анализируются некоторые способы использования произведений Рыспая Абдыкадырова в технологии обучения музыкальной грамотности с помощью вспомоготельных сигналов и использование их на уроке музыки и истории .*

***Ключевые слова:*** *вспомогательные сигналы, эмоция, музыка, искусство, дешифировка, демонстрация, минутная пауза, качественные задачи, опыт, практика.*

*Uraimov K. M., candidate of pedagojical science,*
*docent of Osmonov State University*
*Boroshev S., teacher of Jalal-Abad College*
*Raimkul kyzy A., teacher of the PPOT*
*department of JASU, Kyrgyzstan*

# USING THE WORKS OF RYSPAY ABDYKADYROV IN THE TECHNOLOGY OF MUSIC LITERACY BASED ON SIGNALS.

*The article analyzes some ways of using the works of Ryspai Abdykadyrov in teaching technology with the help of auxiliary signals and their using in the music lesson and the history and using of teaching technology with auxiliary signals of musical literacy in pedagogy.*

***Key words:*** *Auxiliary signals, emotion, music, art, decoding, demonstration, minute pause, qualitative tasks, experience, practice.*

Окутуу процессинде башка предметтерден айырмаланып, музыка сабагы балдарга эстетикалык табит тартуулоо менен алардагы руханий дүйнөнүн түптөлүшүнө өбөлгө түзөт. Биз бул жолку изилдөөбүздө музыка сабагын окутууда таяныч сигналдарын пайдаланып Р. Абдыкадыровдун чыгармаларын окутуунун жолдорун талдоого алдык. “Мунун кандай зарылдыгы бар? Же таяныч сигналдар (мындан ары – ТС) деген эмне?” деген суроолор болбой койбойт.

Аталган суроого жоопту В. Ф. Шаталовдун өз иш тажрыйбасын ретроспективалык анализдөөгө негизделген китептеринен табууга болот. Мисалы: Виктор Федорович согуштук топограф, фронттук чалгынчы болуп кызмат өтөп жүргөн согуш жылдары физикалык географиянын негиздерин, практикалык колдонмолорун өздөштүргөн. Орто мектепте физика, математика мугалими болуп иштеп жүргөн жылдары мектептин практикасында программалык материалдарды жетишсиз өздөштүргөн окуучулар экинчи жылы ордунда калтырылган. Виктор Федоровичтин байкоолорунан “жөндөмсүз” окуучулар ар кандай спорттук оюндар болобу, кыска убакыттын ичинде оперативдүү жоопторду талап кылуучу баш катырмалар, кроссворддор болобу, мүмкүнчүлүктөрү “күчтүү окуучуларга” караганда артык болсо артык, бирок кем эместиги ырасталат. Ал мындай окуучулар менен аңгемелешип, сабактан кийин материалдарын кайра-кайра түшүндүрөт. Бирок консультациялык режимде окуу материалдарына жооп бере алышпайт. Мына ошол учурда окумуштуу консультациядан окуу материалдарын түшүндүрүүдө пайдаланган чиймелерди, кыска фразаларды, шарттуу белгилерди пайдаланып жооп берүүсүн өтүнөт. Дал ушул убакыттан баштап “жөндөмсүз окуучулардын” сабакка болгон жетишүүсү кескин жогорулайт. Андан кийин окуучулардын оозеки жообун жогорулата турган кыска фразалардын, шарттуу белгилердин жыйындысы “таяныч конспектиси”, акырында таяныч сигналдары деп аталып калат [7: 3-5].

Пикирибизче, В. Ф. Шаталовдун методикасын этап-этабы менен өздөштүрүү оң, башкача айтканда, жаңычыл окутуу технологиясынын ажырагыс бөлүктөрүнүн татаал ыкмалардын жыйындыларынын ичинен китепчеде сунуш кылынган ТСны колдонуп, сабак өтүүгө жөнөкөйлөтүлгөн вариантын сунуш кылабыз. Бул убакытта биздин иш тажрыйбабыз көрсөткөндөй, ушул жол менен окутуу технологиясынын

негизги элементтери менен байланышы, баамдоого, үйрөнүүгө шарт түзүү менен, андан кийинки этапта окутуу технологиясынын ички багыттарын өздөштүрүүгө, анын толук мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөгө болот [10: 14-20].

Жогоруда белгиленгендердин негизинде, сигналдар менен музыка сабагын окутуу технологиясын карап көрөлү.

1. Жаны теманы түшүндүрүү

Жаңы тема 2 жолу түшүндүрүлөт.

А) биринчи жолу кадимки традициялык режимдегидей, үндүн ыргагын өзгөртүү менен эмоционалдуу түшүндүрүлөт. Андан кийин минуталык пауза берилет.

Б) ТС менен экинчи жолу жай, шашпай, бирдей темпте окуу материалы түшүндүрүлөт. Мында окуучулар ТСдын дешифровкалары менен таанышып, ТСда камтылган окуу материалынын маңыз, мазмунун түшүнүшөт. Окуучуларга түшүнүксүз болсо үч, төрт жолу түшүндүрүлөт. Окуучулар кийинки сабакта ТСды жазуу жүзүндө, оозеки жооп берүү үчүн, үйлөрүндө өзгөчөлөнгөн тартипте даярданып келүү сунуш кылынат. Анын маңызы төмөндөгүдөй эстеткичте чагылдырылат:

1. Үй тапшырманы ТС менен салыштырып чыгып, окуу китептерин окуп чыккыла.

2. Өз алдыңарча ТСга карап, үйгө берилген тапшырманы айтып бергиле.

3. ТСда эсиңде калганын жазгыла.

4. Жазган ТСды “оригиналы” менен салыштыргыла.

5. Эсиңерден чыгып жаза албай калган сөз, белгилерди ачык түс (сары, кызыл түс) менен толуктагыла.

6. Башка сабактарга даярдангыла, өзүңөргө тиешелүү үйдүн жумушун аткаргыла.

7. ТСды дагы жазып көргүлө. Түстөргө боёгула (бүтүн нота – көгүш, жарым нота – кара, чейрек – жашыл, сегиздик - сары түстө берилет).

8. Сабакка эки жолу даярдангыла. Биринчи жолу сабакта жаңы тема өтүлгөн күнү, экинчи жолу сабактан бир күн мурда [10: 15-17].

Берилген биринчи ТСда окуучулар биринчи жолу таанышып, аны менен кандайча даярданууга, жооп берүүгө боло тургандыгын толук элестете алышпайт. Анын үстүнө, бир гана музыка менен окутуу технологиясында колдонууга киришкен музыка мугалимдери окуучулардын көнүгүп кетүүсүнө көп күч жумшоого туура келет [3: 112].

Мына ошону эске алуу менен, биринчи сабакта таанышуу иретинде мугалим жаңы теманы түшүндүрүп, андан кийин экинчи жолу ТСды кайталоо менен, окуу материалдарын дешифировкалоо менен чектелгендигин туура көрөбүз.

Биринчи сабакта музыкага тиешелүү кызыктуу тажрыйбаларды

демонстрациялап, сабакты жандуу өткөрүүгө аракет кылуусу абзел [5: 34].

ТС пайдаланылган сабактын структурасын карап көрөлү.

Жаңы теманы биринчи жолу түшүндүрүү (5-6 мин). Берилген убакыттын ичинде ТСны пайдаланып, камтылган окуу материалдарын үндүн ыргагын, темпин өзгөртүү менен доскага керектүү нота белгисин, чиймелерди сызуу менен түшүндүрөт. Бул учурда окуучулар жазышпайт, мугалимди угуп гана олтурушат. Сабактын бул бөлүгүндө окуучулардын эч нерсеге алагды болбой, окуу материалын өздөштүрүүгө максималдуу көңүл буруу режимин камсыз кылуу мугалимдин эң негизги аткара турган иш-чарасы болуп калышы абзел [6: 3]. Ошондуктан айрым окуучулар башка жакка карап же жазууга болгон аракеттерин токтотуу үчүн айтып жаткан сүйлөмдү  күчтүү сезим менен бир нече жолу кайталай берсе, окуучулар кайрадан негизги теманы угууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Биз мындай сүйлөмдү жазуу менен, мугалимдин  окуучуларды эч кандай ашыкча кемсинткен сөздөрдү пайдаланбай турган ыкмаларды изилдөө менен пайдалануу багытына аракеттенгендиги  максатка ылайыктуу экендигин белгилегибиз келет.

Мындай учурда вербалдык эмес ыкмаларды колдонуу натыйжалуу. Кыскасы, мугалимдин түшүндүрүүсүндө сабакты укпай отурган окуучуларга эч кандай ашыкча сөз айтылбастан, темага тиешелүү гана сөздөр үндүн тонун жогорулатуу менен окуучулардын жаңы теманы билип, мазмунун угуп, көңүл буруп, түшүнүүсүн камсыз кылуучу ыкмалардын жыйындысын колдонууну сунуштайбыз [9: 5].

- Минуталык пауза

Окуучулардын көңүлүн жаңы темага бурууну камсыз кылууда мунуталык пауза окуучулар үчүн чоң мааниге ээ. Анткени айрым окуучулар сабактардан жадап кетишсе, экинчи жактан,  күнүгө 5-6 сабакта отурушу баланын денесинин статикалык абалында талыгып калышына алып келет. Балким, ошондуктан В. Ф. Шаталов өзүнүн сабагында “бир чуулдап алгыла” деп айтышы бекеринен эмес чыгар. Бул убакыттын ичинде үч катар отурган окуучуларга жаңылмачты мелдеш катары айттырып, көп текстти эң аз убакытта айтса, “чемпион” деген наам берилишинин жарыяланышы окуучулардын активдүүлүгүнүн жогорулашына алып келет [1: 43].

Бирок бул багытта ТСны биринчи жолу пайдаланып жаткан мугалимдер убакытты көп ашыкча сарптап жиберишет, кандай болсо да бул убакытты 1 мүнөткө созсо болот.

- Жаңы теманы экинчи жолу ТС менен түшүндүрүү.

ТС бир ватман кагаз өлчөмүндө болуп, доскага илинет. Мында ТСдагы теориялык материалдар – жашыл түс, анын эң негизгилери - кызыл

түс, мисалдары, кубулуштун колдонулушу, графиктер көк түс менен жазылат. Мугалимдин ТС боюнча түшүндүрүүсү жакшы мүнөзгө ээ болуп, биринчи жолу түшүндүрүүдөн айырмаланат. Мугалим ТС дешифировкасын үндүн бирдей ыргагында, жай, шашпай бир калыпта түшүндүрөт. Мурдагыдай кеңири эмес, белгилердин түшүндүрмөсү кыска, так сүйлөмдөр менен чагылдырылат.

Окуу материалын эки жолу түшүндүрүүнүн кандай зарылчылыгы бар деген суроонун болушу анык. Анын себеби: биринчи жолу түшүндүрүүдө окуу материалдарынын айрым бөлүктөрүн окуучулардын толук аңдап жетишүүсүнө ар кандай себептер менен дайыма кыйынчылыктар, тоскоолдуктар болот. Анын үстүнө, мындай методикалык шарттарда окутуунун традициялык режимине көнүп калган окуучу мугалимдин түшүндүрүүсүн таптакыр эле укпай олтургандыгы даана байкала баштайт. Ал эми экинчи жолу ТС менен түшүндүрүүдө окуучу окуу материалынын жетишсиз көңүл бурган жерине көбүрөөк көңүл бурат да, натыйжада, эки жолу түшүндүрүү бирин-бири толуктап, окуучулардын материалдарды толук өздөштүрүүсүн жөнгө салат [2: 67].

Мындай шартта окуу материалын чагылдырган ТСнын маңыз, мазмунун окуучу толугу менен өздөштүрүүсүнө ыңгайлуу шарт түзүлөт.

Мында окуучулардын сураныч менен үчүнчү жолу кайталап берсе болот.

Бул сабактын структурасын карап көрөлү.

1.) Жаңы теманы биринчи түшүндүрүүгө 5-6 мүн.;
2.) Минуталык пауза;
3.) Жаңы теманы ТС менен түшүндүрүүгө 5-6 мүн.
4.) Минуталык пауза;
5.) Сапаттык маселелерди чыгарууга 22-28 мүн.

Ушул убакыттын ичинде окуучулар үчүн керектүү жана зарыл болгон окуу материалынын жалпы көлөмү окуучулар өздөштүрүүчү билимдин негизин түзөт.

Экинчи этапта окуучулар өздөрү өздөштүргөн билимди тажрыйбада, практика жүзүндө колдоно алабы деген суроо келип чыгат. Ал үчүн эми сапаттык маселелер берилет. Бул учурда окуучулардын ар кандай жоопторун көңүл коюп угуу зарыл. Окуучулардын божомолдоосуна, аны негиздөөгө шарт түзүлөт [10: 13-21].

Сабактардын иштелмеси.

2-класстын темасы: “Музыка, музыка бизге ар тараптан угулат...”

Сабактын темасы: “Алма бак” .

Сөзү: С. Эгиналиевдики, обону: Р. Абдыкадыровдуку.

Максаты:

•Окуучуларга күздүн маани-маңызы жөнүндө кыскача түшүндүрүп, күз айына мүнөздүү музыкалык түшүнүктөр аркылуу окуучуларга обон тууралуу өз оюн эркин айтып берүүгө багыт берүү.

Талкуу үчүн суроолор:

Күз айы обондо кандай угулат? Күз жөнүндөгү обондун маанайы кандай?

Милдети:

•Билим берүүчүлүк: Күздүн бөтөнчөлүгүн окуучуларга айтып берүү жана күз темасында обонду уктуруп, окуучулардын өз оюн эркин айтып берүүгө үйрөтүү.

•Өнүктүрүүчүлүк: Окуучуларды обонду угуп, күз жөнүндө өз оюн айта билүү жана күз айына мүнөздүү болгон обондогу көркөм каражаттар жөнүндөгү музыкологиялык маалымдуулугун кеңейтүү.

•Тарбия берүүчүлүк: Обондогу күз темасынын ыргагы жана мазмуну жөнүндө баарлашуу көндүмдөрүнө тарбиялоо.

Уктуруу үчүн: “Кожожаш” симфониялык сюитасынын 11-көрүнүшү, “Булакта”, музыкасын жазган М. Бегалиев.

Музыканы угабыз: Обонду угуп, обондун созулушун, ажарлуу жана кайраттулугун сүрөттөп берүүсүнө көмөктөшөбүз.

Ыр үйрөтүү үчүн: “Алма бак”, музыкасын жазган − Р. Абдыкадыров, сөзүн жазган − А.Токомбаев; “Күзгү бакчам”, музыкасын жазган − С. Айдаров, сөзүн жазган − С. Эгиналиев.

Ырдоо үчүн: “Алиппе”, музыкасын жазган − К. Букалаев, сөзүн жазган − А. Илипбаев. “Жардам бердик”, музыкасын жазган − А. Малдыбаев, сөзүн жазган − М. Жангазиев.

Ырды үйрөнөбүз, аткарабыз:

Аткарыла турган чыгарманы музыкалык аспапта аткарып жана ырдап беребиз. Андан кийин 2-3-4-саптарын ирети менен аспаптын коштоосунда окуучуларга үйрөтө баштайбыз.

Башкы идея: “Алма бак” – токчулуктун майрамы жана анын обондо чагылдырылышы. Алма бак жөнүндө обонду угуу менен, окуучунун кандай сезимге ээ болгондугу жөнүндө башкалар менен баарлашууга үйрөтүү.

Өзөктүк сөздөр: “Алма бак”, обон, обондуулук, музыкалык иллюстрация, музыкалык көнүгүү, музыкалык чыгармачылык, термин.

Сабактын жабдылышы: комуз, темир ооз комуз, жыгач ооз комуз, DVD-борбор, телевизор, мультимедиялык проектор, композиторлордун портреттери, слайддар.

Окуучуларга обон жана андагы тиешелүү музыкалык терминдер боюнча да түшүнүк берүү зарылдыгы жаралат. Мындай учурда сөздүк

менен иштөө керек [4: 67]. Андыктан окуучуларга “Сиздин сөздүгүңүз” деген кыска убакытта аткарылуучу жумушту сунуштоо обондуу ырдын мазмунун андан ары тереңдеп түшүнүүгө өбөлгө болмокчу.

Сиздин сөздүгүңүз:

Обон деген эмне? Обон (гр. melodia – ырдоо, ыр, обон) деген – бир үн менен туюнтулган музыкалык бир ой. Обон – музыканын жөнөкөй жана баштапкы формасы; көп музыкалык элементтерди туюнтуу касиетин камтыган негизги элементи; ырааттуу добуштардан куралып, бир бүтүн музыкалык ойду туюнтуучу кайрыктар [3: 167].

Дирижёр деген эмне? Дрижёр (франц. Driger – багыттоо, башкаруу) – музыкалык чыгарманы аткарып жаткан жамаатты (оркестр, хор, ансамбль, опералык жана балеттик группа) башкаруучу киши.

Дирижёрлук кылуу деген эмне? Дрижёрлук кылуу бул – музыкалык чыгарма аткарып жаткан жамаатты башкаруу өнөрү. Дрижёрлук кылуу колдун атайын иштелип чыккан кыймылы жана шилтөөсү (жандоосу) аркылуу дирижёр (же хормейстер) тарабынан ишке ашат. Азыркы кезде дирижёрлук кылуу дирижёрлордон зор музыкалык билимди, чоң даярдыкты, жөндөмдү жана ар түрдүү партитураны тез өздөштүрүүнү талап кылат [3: 167].

Сабактын жүрүшү:

Уюштуруу (класста жагымдуу маанай түзүү).

Окуучуларга обонду уктуруу учурунда мугалим «Түгөйлөшүп иштөө» методун колдонсо болот. Бир партада чогуу отурган шериктер жана жуптар обонду угуп жатып, бири экинчисине баяндап бергенден кийин, жалпы класс менен бирге иштешсе, бири-биринин оюн толуктаганга жетишет жана ар бир окуучу өз оюн айтып үйрөнүүгө машыгат.

Эске салабыз: Окуучулардын үн байламталарын ырдоого даярдоо үчүн музыкалык көнүгүүлөрдү мугалимдин жардамы менен иреттүү кайталайбыз.

Окуу иш-аракетин уюштуруу этабы: Теманы жана сабактын максатын жарыялайт. Окуучуларды ырдоого даярдоо үчүн көнүгүүлөрдү алгач өзү ырдап, андан кийин окуучуларга көрсөтүп берет. Үн байламталарын ырдоого даярдоо үчүн көнүгүү ырларын ырдашат (угушат жана кайталашат). Класс – хор – жамаат менен иштөө тажрыйбасына ээ болот.

Билимди актуалдаштыруу этабы: Өткөн теманы кайталоону уюштурат. Композиторлор жана акындар жөнүндө кыскача маалымат берет. Фонограмманы уктурат.

Талкуу үчүн суроолор: Угулуп жаткан обонго кандай мүнөздөмө бере аласынар? Кышка таандык болушу мүмкүнбү? Бул обондун өзгөчөлүгү эмнеде?

Окуучулар мугалим айткан маалыматтарды угушат жана эстеп калууга аракет кылышат. Обондун тексттерин талдашат. Суроолорго жооп беришет.

Сабакты бышыктоо этабы: «Алма бак», «Кожожаш», «Булакта» чыгармаларын үйрөтүүнү уюштурат. Музыкалык аспаптын коштоосунда ырдатат.

Музыкалык сабат: Жай, ажардуу, кайраттуу-аталыштагы мүнөздөмөлөрдү түшүндүрүү.

Окуучулар ырларды мугалимдин жардамы менен үйрөнүшөт. Жуптар, шериктер, класс менен ырдашат. Ырдап жаткан чыгарманын текстине жараша мүнөздүү кыймыл-аракеттерди жасашат.

Сабакты жыйынтыктоо (рефлексия) этабы.

Талкуу үчүн суроолор: Обондун ыргактары кандай мүнөздө? Жай, созулуңку обонго кандай боёкторду берет элең? Эмне үчүн? Бул обон эмнеси менен сага жагат? Эмне себептен?

Окуучулар шериктер жана чакан топтор менен иштешет, суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма берүү этабы: Күз жөнүндө ырдын текстине карап жана обонду угуп, боёктордун жардамы менен чыгарманын мазмунун кыскача айтып берүү. Ырдын сөзүн жаттап келүү жана кайталоо.

Ойлон, тап, өрүш ал: Обон, ыргак жөнүндө сабактан сырткары уккандарыңды ата-энеңе айтып бер.

Жыйынтыгында окуучу төмөнкү түшүнүктөргө ээ болот:

1. Окуучулар “Алма бактын” бөтөнчөлүгүн айтып берүү менен, күз темасында обонду угуп, өз ойлорун эркин айтып берүү көндүмдөрүнө ээ болот.
2. Күз айы жөнүндөгү обондорго берилүүчү мүнөздөмөлөрдүн таасирдүү каражаттары жөнүндөгү түшүнүктөргө ээ болот.

Окуучу төмөнкүлөрдү билет:

1. Күз жөнүндөгү музыканын обонуна мүнөздөмө берүүнү билет:
2. Күз кереметин обондо чагылдырууну музыкалык каражаттын жардамы менен түшүндүрө билет.

Окуучу төмөнкүлөрдү өздөштүрө алат:

1. Обонду шериктер, жуптар менен аткарууда анын (обондун) мүнөздөрүн берүүнү өздөштүрүшөт.
2. Обонду угуп, күз жөнүндө өз каалоо-тилектерин сүрөттөп айтып берүүнү өздөштүрө алат.

Бизге жогорудан белгилүү болгондой, музыка дүйнөсүнүн дагы изилдөө талап кылган кырларынын арбын экендиги аныкталды.

**Адабияттар:**

1. Боркеев Б. Ырга айланган өмүр: Портреттик макалалар (Жаштар үчүн). - Фрунзе: Мектеп, 1985. -196-бет.
2. Иметов Б. Рыспай ырлары – атуулдук азыгы. Китепте: Рыспай. 5 том. - Бишкек: Бийиктик, 2013. - 402-б.
3. Кыргыз музыкасынын энциклопедиясы. - Бишкек: Бийиктик, 2007.
4. Алагушев Б. Ырдап кой. - Бишкек, 2002.
5. Алагушев Б. Картайтпайт мени ырларым. - Бишкек, 1960.
6. Кыргызстан композиторлору Союзунун Пленуму. // «Кыргызстан маданияты», 1975, 25-окт.
7. Асакеев А. Кыргыз музыкасындагы тынчтык жана согуш темасы. //«Кыргызстан маданияты», 1985, 9-май.
8. Боркеев Б. Көөнөрбөс ырдын кайнар булагы. // «Ленинчил жаш», 1985, сентябрь.
9. Борошев С., Кадыралиев С. Р. Абдыкадыров жана кыргыз обондору. // «КТР-ОБО». -2001. - №1.
10. Токтогулов С. Негизги мектепте таяныч сигналдары менен окутуу методикасы. - Жалал-Абад, 2011. - 13-21-бб.